| | |
|---|---|
| | И. Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университети |
| | БИЛИМ БЕРҮҮНҮН САПАТЫН КАМСЫЗДОО СИСТЕМАСЫ |
| | ДП 01-2-24 |

**ЖАКТЫРЫЛДЫ**
И. Раззаков атындагы КМТУнун
Окумуштуулар Кеңешинин
отурумунда
Протокол № 5
«28» 01 2026-ж.

**БЕКИТЕМИН**
И. Раззаков атындагы КМТУнун
ректору
________ Чыныбаев М.К.

Буйрук № ________
«29» ______ 2026-ж.

**И. РАЗЗАКОВ АТЫНДАГЫ КМТУнун КОШУМЧА БИЛИМ БЕРҮҮ ЖӨНҮНДӨ ЖОБОСУ**

**Бишкек, 2026**

## ӨЗГӨРТҮҮ КИРГИЗҮҮ БАРАКЧАСЫ

| **УЧА верс. №** | **Өзгөртүү киргизилген же кошумчаланган бөлүм/пункт же абзацтын номери (бетин көрсөтүү менен)** | **КМТУнун Окумуштуулар кеңешинин прот. № жана датасы** |
|---|---|---|
| 1 | | Протокол №1 24.09.2025 ж. |
| **2** | Жобо Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 10-июнундагы № 329 токтому (№7 тиркеме) менен бекитилген Кошумча билим берүү жөнүндө типтүү жобого толугу менен шайкеш келтирилди. | Протокол №5 28.01.2026 ж. |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |

## 1. Жалпы жоболор жана аныктамалар

1.1. Бул Жобо Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» Мыйзамына, КМТУнун Уставына, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 10-июнундагы № 329 токтомуна (№7 тиркеме), Улуттук квалификациялык тутумга ылайык иштелип чыккан жана И. Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университетинин (мындан ары – КМТУ) кадрдык ресурстарынын квалификациясын жогорулатууну уюштуруунун жалпы шарттарын жана тартибин аныктайт.

1.2. Кошумча билим берүү адамдын инсан катары өнүгүүсүнө, анын шык-жөндөмүнө жана кызыкчылыктарына багытталган жана формалдуу билим берүүнүн алкагынан тышкары ишке ашырылат.

1.3. Чоңдорго кошумча билим берүү – бул өз алдынча кесиптик иш менен алектенген адамдын жеке муктаждыктарын канааттандырууну камсыз кылган формалдуу эмес билим берүүнүн бир түрү.

1.4. Кошумча кесиптик билим берүү (мындан ары – ККББ) – бул ишмердүүлүк чөйрөсүн кеңейтүү же квалификацияны жогорулатуу максатында, колдо болгон кесиптик билим деңгээлине кошумча катары берилүүчү жана формалдуу билим берүүнүн алкагынан тышкары ишке ашырылуучу билим берүүнүн түрү.

1.5. Кошумча билим берүү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык акы төлөнүүчү негизде берилиши мүмкүн.

1.6. Чоңдорго кошумча билим берүү жана ККББ Илим жана квалификацияны жогорулатуу департаменти (мындан ары – Департамент) тарабынан ишке ашырылуучу квалификацияны жогорулатууну уюштуруу аркылуу жүргүзүлөт.

1.7. Квалификацияны жогорулатуунун мөөнөттөрү жана формалары билим берүү программаларынын татаалдыгына жана кызыкдар тараптардын муктаждыктарына жараша белгиленет.

1.8. Кошумча билим берүү программалары (мындан ары – КББП) билим берүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу орган тарабынан 2023-жылы берилген мөөнөтсүз лицензиялардын негизинде ишке ашырылат.

1.9. Университетте жаңы багыттар боюнча КББП ачылганда, Департамент бардык тиешелүү документтерди Билим берүүнүн сапаты боюнча департаментке (мындан ары – БСД) даярдайт.

1.10. БСД КМТУнун белгиленген талаптарына ылайык (КМТУда жаңы программаларды ачуу жөнүндө жобо) жаңы КББПларды баалоо боюнча комиссиянын ишин уюштурат.

1.11. Комиссиянын сунушу чечим кабыл алуу үчүн КМТУнун Окумуштуулар кеңешинде каралат. Бул учурда КББП сертификаттарында жана күбөлүктөрүндө (лицензиянын ордуна) КМТУнун Окумуштуулар кеңешинин чечими көрсөтүлөт.

## 2. Максаттар жана милдеттер

2.1. Квалификацияны жогорулатуунун негизги максаты — билим берүүнүн эл аралык стандарттарына жана Кыргыз Республикасынын Улуттук квалификациялык тутумунун талаптарына шайкеш келүү үчүн компетенцияларды үзгүлтүксүз өркүндөтүү жана (же) кесиптик ишмердүүлүк үчүн зарыл болгон жаңы компетенцияга ээ болуу, жана/же колдо болгон квалификациянын алкагында кесиптик деңгээлди жогорулатуу (теориялык жана практикалык билимдерди жаңылоо), ошондой эле КМТУнун алдына коюлган милдеттерди чечүүнүн заманбап ыкмаларын өздөштүрүү болуп саналат.

2.2. Квалификацияны жогорулатуу төмөнкү милдеттерди чечүүгө багытталган:

- билим берүү жана кесиптик муктаждыктарды канааттандыруу, адамдын кесиптик өнүгүүсү;
- анын квалификациясынын өзгөрүп жаткан кесиптик ишмердүүлүк шарттарына жана социалдык чөйрөгө шайкештигин камсыз кылуу;
- инсандын илимдин, техниканын, технологиялардын жана экономиканын тиешелүү тармактарындагы акыркы жетишкендиктер, ошондой эле алдыңкы ата мекендик жана чет өлкөлүк тажрыйбалар жөнүндө билим алууга болгон муктаждыктарын канааттандыруу;

- уюштуруучулук-укуктук формасына карабастан ишканалардын, бирикмелердин, уюмдардын жана башка мекемелердин адистеринин, мамлекеттик кызматкерлердин, бошотулган кызматкерлердин, иш менен камсыз болбогон калктын жана жумушсуз адистердин үзгүлтүксүз билим алуусу үчүн шарттарды камсыз кылуу.

2.3. Кошумча билим берүү программалары улуттук квалификациялык тутумга ылайык кесиптик билимдерди, көндүмдөрдү жана квалификациялык талаптарды эске алуу менен иштелип чыгат.

## 3. Квалификацияны жогорулатуунун формалары

3.1. КББПнын эмгек сыйымдуулугун аныктоо үчүн академиялык кредиттер тутуму колдонулушу мүмкүн. Программалардын академиялык кредиттеринин саны КМТУ тарабынан белгиленет.

3.2. КББПны окутуу формалары жана өздөштүрүү мөөнөттөрү жумушчу программа жана (же) келишим менен аныкталат.

3.3. Квалификацияны жогорулатуунун формалары:

- **кыска мөөнөттүү курстар** (1ден 2 кредитке чейин) – тиешелүү экзамен, зачет тапшыруу же реферат коргоо менен аяктайт;
- **тематикалык же көйгөйлүү курстар** (3 кредиттен ашык көлөмдө) – тармактын, региондун, уюмдун деңгээлинде келип чыккан илимий-техникалык, технологиялык, социалдык-экономикалык жана башка маселелер боюнча жүргүзүлүп, аттестация жана экзамен тапшыруу менен аяктайт;
- **кесиптик кайра даярдоо** (8 кредиттен жогору) – жаңы квалификация алууга же жаңы кесиптик ишмердүүлүктү жүргүзүү укугуна ээ болууга багытталган.

3.4. КББП боюнча окутуу жумуштан кол үзүп, жумуштан кол үзбөй, жарым-жартылай кол үзүү менен жана жеке окутуу формаларында жүргүзүлөт, ошондой эле бир жолку жана үзгүлтүксүз, же этап-этабы менен, анын ичинде айрым окуу предметтерин, курстарды, дисциплиналарды (модулдарды) өздөштүрүү, практикадан өтүү, тармактык формаларды колдонуу аркылуу жумушчу программада жана (же) келишимде белгиленген тартипте ишке ашырылат.

3.5. КББПлар КМТУ тарабынан өз алдынча иштелип чыгат жана бекитилет.

3.6. КББПнын мазмуну Кыргыз Республикасынын Улуттук квалификациялык алкагын, тармактык, сектордук квалификациялык алкактарды жана кесиптик стандарттарды (алар болгон учурда), тиешелүү кызмат орундары, кесиптер жана адистиктер боюнча квалификациялык талаптарды же тиешелүү кызматтык милдеттерди аткаруу үчүн зарыл болгон кесиптик билимдерге жана көндүмдөргө карата квалификациялык талаптарды эске алуу менен түзүлөт.

3.7. Жарандарды КББПга кабыл алуу тартиби КМТУ тарабынан өз алдынча белгиленет. Угуучуларды кабыл алууда КМТУ аларды тиешелүү КББП жана башка регламенттөөчү документтер менен тааныштырууга милдеттүү.

3.8. Угуучулардын билим деңгээлин баалоо тренер жана департамент тарабынан жыйынтыктоочу аттестациянын жыйынтыгынын негизинде жүргүзүлөт.

3.9. Тиешелүү КББПны ийгиликтүү өздөштүргөн жана жыйынтыктоочу аттестациядан өткөн адамдарга кошумча билим берүү жөнүндө документтер (сертификат, күбөлүк) берилет (1, 2-тиркеме).

3.10. КББПдан өткөндүгү жөнүндө документтердин формалары КМТУ тарабынан бекитилет.

3.11. КМТУ кесиптик педагогикалык ишмердүүлүктүн сапатын жогорулатуу үчүн педагогикалык курамдын квалификациясын жогорулатуунун 4 деңгээлдүү тутумун туруктуу негизде уюштурат:

- **биринчи деңгээл** – КМТУга жаңыдан кабыл алынган окутуучулар, инженерлер жана окуу-көмөкчү персонал (ОКП) үчүн. Мында окуу процессин уюштуруу, ОМК (УМК) иштеп чыгуу, силлабустарды түзүү, жеке планды толтуруу, E-library электрондук китепканасы менен иштөө көндүмдөрү каралат.

– **экинчи деңгээл** (Чечендик өнөр. Окутуунун заманбап ыкмаларын колдонуу менен технологиялык билим берүү) – жаңыдан баштаган жана иштеп жаткан окутуучулар үчүн. Угуучу дисциплиналарды окутуу методикасы, педагогикалык эмгекти сарамжалдуу уюштуруу, чечендик өнөр ж.б. көндүмдөрдү алат.

– **үчүнчү деңгээл** (Билим берүүдөгү IT технологиялар) – окутуучуларды инновациялык билим берүү технологияларын жана программаларын колдонууга үйрөтүү (интернет-ресурстарды колдонуу менен студенттерди окутуу, видеолекцияларды түзүү жана жайгаштыруу, интернет чөйрөсүндө практикалык тапшырмаларды берүү, дистанциялык технологияларды колдонуу менен студент менен тыгыз байланышта болуу).

– **төртүнчү деңгээл** (Сертификатталган окутуучу) — КМШ жана алыскы чет өлкөлөрдүн алдыңкы ЖОЖдорунан келген, эл аралык деңгээлде таанылган лекторлор тарабынан өткөрүлүүчү программаны өздөштүрүү үчүн.

3.12. Окутуудан жана ийгиликтүү аттестациядан өткөндөн кийин угуучуга квалификациясын жогорулатуу курстарынан өткөндүгү жөнүндө тиешелүү документ берилет.

## 4. Квалификацияны жогорулатууну пландаштыруу

4.1. КМТУнун түзүмдүк бөлүмдөрүнүн жетекчилери (институттар, жогорку мектептер, филиалдар, колледждер, бөлүмдөр, борборлор, кызматтар ж.б.) функционалдык милдеттердин жана ишке ашырылып жаткан процесстердин сапатын жогорулатуу максатында, өз кызматкерлеринин квалификациясын жогорулатууну үч жылда бир жолудан кем эмес же зарылчылыкка жараша пландаштырууга милдеттүү. Квалификацияны жогорулатуу планы, өтүүчү жерлери жана мөөнөттөрү зарыл болгон курстарга болгон муктаждыкты белгилөө жана статистиканы жүргүзүү үчүн Департаментке берилет (3-тиркеме).

КМТУда кызматкерлер үчүн квалификацияны жогорулатуу курстарын уюштуруу мүмкүн болбогон учурда, алар тиешелүү уюмдарга, институттарга, ишканаларга ж.б. жиберилет же Департамент КМТУнун базасында сабак өтүү үчүн тиешелүү квалификациядагы лекторду чакырат.

4.2. Квалификацияны жогорулатуу курстарын уюштурууну жана өтүүнү илимий иштер боюнча проректор координациялайт жана ректор менен макулдашылат.

## 5. Кошумча билим берүү программаларын уюштуруу

5.1. Квалификацияны жогорулатуу курстарын уюштуруу Департамент тарабынан иштелип чыккан КББПга жана илимий иштер боюнча проректор тарабынан бекитилген планга ылайык ишке ашырылат.

5.2. Департамент жыл сайын КМТУнун түзүмдүк бөлүмдөрүнө КББП жөнүндө, анын ичинде жаңы курстар жана чакырылган тренерлер/лекторлор тууралуу маалыматтык кат аркылуу жана Департаменттин сайтына кулактандырууларды жайгаштыруу менен маалымдайт.

5.3. Түзүмдүк бөлүмдөр КМТУдагы лицензияланган программалардын (же жаңы программалардын) тизмесинен курстардын аталыштарын, ошондой эле башка мекемелерде ишке ашырылып жаткан курстарды көрсөтүү менен квалификацияны жогорулатуу планын түзүшөт жана Департаментке беришет.

5.4. Департамент КМТУнун тиешелүү бөлүмдөрүндө квалификацияны жогорулатуу курстарын өткөрүүнүн графигин иштеп чыгат жана кызыкдар тараптарга маалымдайт. Квалификацияны жогорулатуу курстары башка мекемелер тарабынан өткөрүлгөн учурда, Департамент тарабынан мөөнөттөрү, уюштуруу шарттары макулдашылат жана тиешелүү келишим даярдалат.

5.5. КМТУда квалификацияны жогорулатуу курстарына кабыл алуу түзүмдүк бөлүмдөрдүн рапортунун же планынын негизинде, илимий иштер боюнча проректор менен макулдашылып, мөөнөтү, багытынын аталышы жана программасы көрсөтүлгөн КМТУ ректорунун буйругу менен ишке ашырылат.

5.6. Окутуу КМТУнун тиешелүү бөлүмдөрү тарабынан белгиленген тартипте КМТУнун мыкты лекторлорун же башка билим берүү мекемелеринен чакырылган адистерди тартуу менен ишке ашырылат.

5.7. Сабактар лекция, теориялык жана методикалык семинарлар, практикалык жана лабораториялык сабактар, ишкердик оюндар, тематикалык дискуссиялар, маектешүүлөр, консультациялар, өз алдынча иш формасында өткөрүлөт.

5.8. Филиалдар үчүн квалификацияны жогорулатуу сабактарын өткөрүүдө IT-технологияларды, электрондук билим берүү ресурстарын ж.б. колдонуу менен аралыктан окутуу каралат.

**6. Квалификацияны жогорулатуу курстарынын угуучулары**

6.1. Түзүмдүк бөлүмдөрдүн жетекчилеринин билдирмелерине жана окутуучулардын квалификациясын жогорулатуунун жылдык планына, ошондой эле өнөр жай тармактарынын, ишканалардын, уюмдардын жетекчилеринин билдирмелерине жана түзүлгөн келишимдерге ылайык, тиешелүү КББПга ректордун буйругу менен кабыл алынган адамдар квалификацияны жогорулатуу курстарынын угуучулары болуп саналат.

6.2. Окутуу аяктагандан кийин жыйынтыктоочу аттестациянын жыйынтыгынын негизинде КББПны ийгиликтүү аяктагандарга белгиленген үлгүдөгү сертификат же күбөлүк берүү ректордун буйругу менен бекитилген аттестациялык комиссиянын протоколунун негизинде ишке ашырылат.

6.3. Угуучулар КМТУнун ички тартип эрежелерин сактоого, окуу пландары жана программалары менен белгиленген окуу иштеринин бардык түрлөрүн аткарууга милдеттүү.

6.4. Угуучулар төмөнкүлөргө укуктуу:

- программалардын мазмунун түзүүгө катышууга;
- кесиптик ишмердүүлүк маселелери боюнча колдо болгон ченемдик, нускамалык, окуу жана окуу-методикалык документтерди, ошондой эле китепкананы, маалыматтык фонду, башка бөлүмдөрдүн кызматтарын белгиленген тартипте колдонууга;
- конференцияларга жана семинарларга катышууга, КМТУнун басылмаларына өзүнүн илимий эмгектерин жана башка материалдарын жарыялоого берүүгө;
- КМТУ жетекчилигинин буйруктарына жана тескемелерине Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте даттанууга.

6.5. Окуу планы аткарылбаган учурда, ошондой эле ички тартип эрежелери одоно бузулганда, угуучу сабактарга катышкандыгы/катышпагандыгы жөнүндө тиешелүү маалымкат берилүү менен жана окуудан чыгаруунун себеби көрсөтүлүп, квалификацияны жогорулатуу курстарынан чыгарылат.

**7. Квалификацияны жогорулатуу курстарын уюштуруу боюнча түзүмдүк бөлүмдөрдүн өз ара аракеттенүүсү**

7.1. КМТУнун түзүмдүк бөлүмдөрү профессордук-окутуучулук курамдын (мындан ары – ПОК), педагогикалык кызматкерлердин жана кызматкерлердин квалификациясын жогорулатууну уюштуруу чөйрөсүндө төмөнкүдөй иштешет.

7.2. Департамент:

- окуу түзүмдүк бөлүмдөрүнүн кызматкерлери тарабынан квалификацияны мезгил-мезгили менен жогорулатуунун сакталышына контролдукту жүргүзөт жана кезектеги окуу жылында квалификациясын жогорулатууга муктаж адамдардын тизмеси боюнча сунуштарды иштеп чыгат;
- КМТУнун ПОКтун, педагогикалык кызматкерлеринин жана окуу бөлүмдөрүнүн кызматкерлеринин квалификациясын жогорулатуу ишин координациялайт, квалификацияны жогорулатуунун окуу пландарынын жана программаларынын мазмунуна жана ишке ашырылышына контролдукту жүргүзөт: ПОКтун квалификациясын жогорулатууну КМТУнун каражаттарынын эсебинен жана контракттык негизде уюштурат;
- КМТУнун окуу эмес бөлүмдөрүнүн (бөлүмдөр, борборлор) кызматкерлеринин квалификациясын жогорулатуу статистикасын жүргүзөт, мүмкүнчүлүккө жараша квалификацияны жогорулатууну уюштурат же көмөктөшөт.

7.2. Эл аралык байланыштар бөлүмү ПОКтун чет өлкөдө квалификациясын жогорулатууну, окутуучулардын мобилдүүлүгүн уюштурууну ишке ашырат.

7.3. Окуу түзүмдөрү (кафедралар, институттар/жогорку мектептер) окуу жылынын башында КМТУнун квалификацияны жогорулатуу тутуму боюнча курстарды уюштуруу же квалификациянын тиешелүү деңгээлин алууга көмөктөшүү үчүн квалификацияны жогорулатуу программаларына билдирмелерди беришет.

**8. Квалификацияны жогорулатуу курстарын каржылоо**

8.1. Департаменттин ишин каржылоонун булактары болуп төмөнкүлөр саналат:

– билим берүү мекемелеринин, уюмдардын жана ишканалардын кызматкерлеринин квалификациясын жогорулатуу жана кошумча билим берүү боюнча кызмат көрсөтүүдөн түшкөн каражаттар;

– гранттар, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына каршы келбеген башка ишмердүүлүктөн тартылган каражаттар.

8.2. Угуучулар квалификацияны жогорулатуу курстары үчүн тиешелүү программа боюнча баалардын прейскурантына ылайык, ал эми башка уюмдардын/ишканалардын угуучулары үчүн тапшырыкчынын келишимине ылайык акы төлөшөт. Штаттык окутуучулар жана окуу-көмөкчү персонал үчүн каржылык каражаттар болгон учурда же ректор менен макулдашуу боюнча КМТУнун бюджетинин эсебинен пропорционалдык төлөө мүмкүн.

8.3. Курстардын лекторлоруна/тренерлерине, анын ичинде башка мекемелерден тартылган адистерге акы төлөө КМТУнун ректору менен түзүлгөн эмгек макулдашуусунун/келишиминин негизинде сааттык тариф боюнча жүргүзүлөт.

8.4. Квалификацияны жогорулатуу курстарын өткөрүү боюнча каржылык маселелер КМТУнун ректору менен макулдашуу боюнча чечилет.

МАКУЛДАШЫЛДЫ:

Укуктук иштер бөлүмүнүн башчысы ____________ А.Ж. Исраилов

*Тиркеме 1*

**И. РАЗЗАКОВ АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК ТЕХНИКАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ**

**Илим жана квалификацияны жогорулатуу департаменти**

**КҮБӨЛҮК № KSTU/У20230030**

**квалификацияны жогорулатуу жөнүндө**

Бул күбөлүк

**Ибраимова Бурул Молдошевнага**

2025-жылдын 12-декабрынан 24-декабрына чейин 5 ECTS кредити көлөмүндө «Инженердик педагогика» программасы боюнча квалификацияны жогорулатуу курстарынан өткөндүгүн тастыктоо үчүн берилди.

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан берилген, сериясы № LS190004340 лицензия, каттоо № E2019-0101.

**Ректор** **Чыныбаев М.К.**

Бишкек ш., 2025-жылдын 25-декабры

*Тиркеме 2*

**И. РАЗЗАКОВ АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК ТЕХНИКАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ**

**Илим жана квалификацияны жогорулатуу департаменти**

**СЕРТИФИКАТ**

**КОЖОБЕКОВ ШАЙЫРБЕК АСАНБЕКОВИЧ**

2025-жылдын 6-октябрынан 17-октябрына чейин «Эмгекти коргоо жана коопсуздук, өрт коопсуздугу жана коопсуздук техникасы» программасы боюнча 2 ECTS көлөмүндө квалификацияны жогорулатуу курсунан өттү.

С 6 октября по 17 октября 2025 года прошёл (а) курсы повышения квалификации в объеме 2 кредитов ECTS по программе «Охрана труда, пожарная безопасность и техника безопасности».

Ректор Чыныбаев М.К.

Лицензиянын сериясы № LS190004340, каттоо № E2019-0101

Бишкек ш., 2025-жылдын 25-декабры

*Тиркеме 3*

**«Бекитем»**
**Илимий иштер боюнча**
**проректор**
**«______»________2026-ж.**
**____________________**

**__________________ окуу жылына карата окуу түзүмдүк бөлүмүнүн окутуучуларынын квалификациясын жогорулатуу**

**ПЛАНЫ**

| № | Кафедра | Кафедранын штаттык окутуучуларынын А.Т.А. (толугу | Кызматы | Илимий даражасы | Акыркы жолу квалификациясын жогорулаткан жылы | КЖ курсунун аталышы | Квалификацияны жогорулатуунун пландаштырылган | Эскертүү |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 | 9 |
| | | | | | | | | |
| | | | | | | | | |
| | | | | | | | | |
| | | | | | | | | |
| | | | | | | | | |
| | | | | | | | | |
| | | | | | | | | |